политика была прямой и единообразной в наших школах или образовательных учреждениях. Нужно поставить паузу в тестировании с самого начала, пока школьные округа не разберутся с такими проблемами.

Итак, в конце нашей статьи появляются и другие мысли? Администраторам следует подумать о составлении графика общения с семьями. Чтобы семьи знали, когда им следует ожидать ответа от администраторов. И создать некоторый тип петель обратной связи, чтобы мы знали, что такое пользовательский опыт. Нужно разрабатывать программы и правила. Важно сообщить об этом семьям, чтобы поддержать их.

**Рецензент: к.филос.н., СНС Асанов Ж.К.**

УДК: 131.1   (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-141-145

**Чынгожоева Б.Н.**
КРнын УИАнын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн ага илимий кызматкери, филос.и.к.;
**Чынгожоева Б.Н.**
старший научный  сотрудник отдела социальной философии, эстетики и этики института философии, права и социально-политических исследований им. А.А.Алтмышбаева, к.филос.н;
**Chyngozhoeva B.N.**
Senior Researcher, Department of Social Philosophy, Aesthetics and Ethics, Institute of Philosophy, Law and Socio-Political Studies. A.A. Altmyshbaeva, Ph.D.

## ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДАГЫ ЖАШТАРДЫН АҢ-СЕЗИМИНИН ТРАНСФОРМАЦИЯЛАНУУСУ
## ТРАНСФОРМАЦИЯ СОЗНАНИЯ МОЛОДЕЖИ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ
## THE TRANSFORMATION OF YOUTH CONSCIOUSNESS IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION

**Аннотация.** Аталган макалада  ааламдашуу шартындагы жаштардын ан-сезиминин трансформациялануу маселеси каралат, андан тышкары анда жаш муундардын ан-сезими олуттуу түрдө ордуна маалыматтык коом келген мурунку салттуу социалдык байланыштардын кулашынын натыйжасында орноп калгандыгы айтылат. Алсак, дүйнөлүк масштабдагы коммуникациялардын  мүмкүнчүлүктөрүнүн Интернет түйүнүнүн сапаттуу өсүүсү адамзаттын өсүүсү эсептелет.

**Негизги сөздөр**: ааламдашуу, жаштар, ан-сезим, цивилизация, коом,  илимий-техникалык революция, императив, инвестиция, капитал.

**Аннотация.** В данной статье рассматривается проблема трансформации сознания молодежи в условиях глобализации, также в ней говорится о том, что что сознание молодых людей существенным образом расколото в результате распада прежних традиционных социальных связей, на смену которым пришло информационное общество. Так, качественный

рост возможностей коммуникации в мировом масштабе посредством сети Интернет, несомненно, является прогрессом человечества.

**Ключевые слова**: глобализация, молодежь, сознание, цивилизация, общество, научно-техническая революция, императив, инвестиция, капитал.

**Annotation.** This article discusses the problem of transformation of youth consciousness in the context of globalization, it also states that the consciousness of young people has been significantly split as a result of the collapse of the old traditional social ties, which were replaced by the information society. Thus, the qualitative growth of global communication opportunities through the Internet (SI) is undoubtedly the progress of mankind.

**Key words:** globalization, youth, consciousness, civilization, society, scientific and technological revolution, imperative, investment, capital.

Ар бир тарыхый доор жаштарга карата болгон өз мамилесин жана коомдук жашоонун бардык чөйрөсүндө алар ролун калыптандырып келген жана калыптандыра бермекчи.

Дүйнөлүк цивилизациянын экинчи жана үчүнчү миң жылдыктарында өнүгүүсүнүн бирден-бир маанилүү мүнөздөмөсү болуп, жалпы жонунан жашоо-турмуштун баардык чөйрөлөрүндөгү адамзаттын ролунун жогорулоосу эсептелет. Бул баарынан мурда, бүгүнкү күндөгү коомдук байлыктын эбегейсиз капиталдын топтолушунда гана эмес, артыкычылыгы боюнча адамда да жаны сапаттардын пайда болуп жаткандыгынан байкасак болот [3]. XX-кылымдын башында эле белгиленген илимий-техникалык революциянын жана заманбап экономиканын императиви мына ушундайча. Жер, машиналар жана шаймандар эмес, адамдын өзү - жумушчу - башкы маанилүү капитал, ресурс демек, заманбап инвестициялардын олуттуу бир талаасы. Азыркы учурдагы коомдук өнүгүүнүн эн негизги компоненттери болгон компьютерлер, лазерлер, техниканын түрлөрү жана экономика эмес, ошол шаймандарды, экономиканы жана техниканы ойлоп тапкан адамдын өзү - бул биздин доордун алдыга жылуусунун нукура кыймылдаткычы. Жаштарга комплекстүү кам көрүп жаткан коом (анын окуусуна, тарбиясына, турмушуна, маданиятына, ден-соолугуна ж.б.у.с.) өзүнүн келечектеги өнүгүүсүн каржылаганга барабар.

Ааламдашуу мезгилинде кайрадан эле түп-орду менен өзгөрүүгө учураган жана өжөрлүк менен жер бетиндеги адам жашоосунун шарттарын алмаштырууга далалат кылган өсүп-өнүгүүсүнүн маңызы туурасындагы маселе илимй чөйрөсүндө эн олуттуу актуалдуулукка ээ.

Дүйнө жүзүндөгү оңой менен көзөмөлдөөгө моюн сунбаган калктын өсүүсү, Түндүк менен Түштүктүн, бай жана жарды өлкөлөрдүн ортосундагы жогорулаган ажырым ж.б.у. сыяктуу заманбап мезгилдин ааламдашуучулук чакырыктарынын алдында өнүгүүнүн альтернативдүү жолдорун издөө талабы турат. Бул туурасында БУУ нун көп сандаган эл аралык форумдары, анын ичинде 1992-жылы өткөн Рио-де-Жанейродогу курчап турган чөйрө жана өнүгүү боюнча Эл аралык конференциянын чечими кабар берип турат.

Акыр аягында кеп нугу азыркы жана келечектеги муундар үчүн ары акыйкаттуу жана ары гумандуу дүйнөдө коопсуз жашоону камсыз кылуу туурасында болмокчу. Калктын баардык топторунун ичинен, бул нерсеге өз жаркын келечегин пландаган жана кура билген жаштар кызыкдар.

Кеп, албетте, кылымдарды карытып, үлгү болуп келген улуу муундардын даанышмандыгы менен маани-маңызы жок азыркы өсүп-өнүгүү, өнүгүүнүн жаңы

концепцияларына толугу менен табигый түрдө муктаж болгон жаштардын энергиясы жана максаттары менен бириктирүү жөнүндө болууда.

Бул үчүн дүйнөлүк коомчулук кайрадан ага маани берип, жаштарды тарыхый-философиялык субъект, алмашуунун башкы фактору жана өзгөчө топтун социалдык баалуулугу катары кайра башынан ачуусу зарыл. Социалдык процесстердеги жаштардын ролуна кайрадан омоктуу баа берилбесе дүйнөлүк коомчулук адам үчүн татыктуу шарттарда жашап кетүүсүн камсыз кыла албасы айдан ачык.

Ошондуктан, XXI-кылымдын мүдөө-талаптарына толугу менен жооп бере турган жаштардын заманбап концепциясы илимий негизде иштелиши зарыл, ал албетте, жаш-курактын өзүнө ылайык ачып чагылдырган жаңы философиясыз түзүлүшү мүмкүн эмес. Сыртынан тунгуюк катары сезилгени менен бул болгон нерсе: тактап айтканда формасы жагынан жаш философия дегенибиз менен биз азыркыга чейин улуу ойчулдар Платон, Вергилий, Пифагор, Гиппократ, Солон иштеп чыккан жаш-курак философиясын колдонуп келебиз. Биздин мезгилде жашаган адамдар «жашоо таблицасынын» кээ бир белгилүү түзүүчүлөрүн билүүсү мүмкүн, бирок жаш-курак философиясы тууралуу маалыматтары жок. Мындай көрүнүшкө карабастан коомдун өнүгүүсүнүн ыргактарынын тездик менен өзгөрүүсү жаш-курак жөнүндөгү ой-толгоолор кайрадан философиялык акыл-калчоонун, коомдук же жеке инсандын жашоо теориясынын негизги өзөктүү маселесине айланганын байкасак болот. Эгерде жаш-куракттык категориялардын (балдар, жаштар, чоңдор, карылар) жашоо-турмуштун процесстери менен болгон байланышы айдан ачык болгону менен ошол социалдык процесстердеги ар бир топтун аткарган милдети бүгүнкү күнү тилкке каршы, бүдөмүк жана түшүнүксүз бойдон калууда.

Азыркы ааламдашуу шартында «жаштар биздин келечегибиз» деген ураан, лозунгдарды дайыма угуп, көрүп жүрөбүз. Бирок, арийне коомубуздун түп-тамырынан бери жаңылануу жолунда жаштардын чыныгы абалы, алардын аң-сезиминин, баалуулуктарынын, менталитетинин өзгөрүү багыттары каякты көздөй бара жатат деген сыяктуу суроолорго жооп издөө көз жаздымда калып келет. Ушул тапта республикалык деңгээлдеги бардык ЖОЖдо жаштар маселеси менен алектенген бир да илимий борбор, кафедра же лаборатория да жок. Жаштар чөйрөсүндө болуп жаткан процесстерди эч ким так билбейт, себеби илимий изилдөөлөр өтө аз. Мына ушундай шартта мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү ылай суудан балык кармоого жасаган аракеттей эле сезилет.

Мамлекетибиз азаттыкты алгандан бери жаштардын тагдыры толугу менен өздөрүнүн колдоруна өткөрүлүп берилген. Себеби, бирдиктүү мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзгөн айтылуу «Комсомол» тутуму жоюлуп, анын артынан ондогон жылдар бою калыптанган жаштар инфраструктурасы кыйрап жок болгон. Ооба, андан бери жаштар маселелери менен кандайдыр бир деңгээлде иш алпарып, жөнгө салуучу мекеме түзүү аркеттери бир нече ирет жасалган жана азыр да улантылууда. Жаштарга багытталган декларативдик мүнөздөгү бир катар улуттук программалар кабыл алынып, бирок турмуш тажрыйбасы алардын 90%ын кагаз бетинде калтырды.

Мамлекеттик жаштар саясаты казанга салынып өз ширесине өзү кайнап жаткан тамактай эле элестетилет. Анткени жасалып жаткан иштердин жаштардын чыныгы абалы менен байланышы байкалбайт, тек гана популизмге жуурулган куру чакырыктар, ураандардай сезилет. Ал эми ошол жаштар саясатын эффективдүү ишке ашыруу үчүн тиешелүү деңгээлдеги кадрлардын болушу талашсыз маселе [2]. Ушул тапта, республикада жалпы мамлекеттик жаштар саясатынын тутумунда, боробордук жана аймактык мекемелерди эске

алганда, расмий түрдө 50 адис иш алып барат. Жөнөкөй арифметикалык тил менен айтканда, өлкөдө учурда 2 млн. го чукул жаштар бар деп эсептесек, ар бир адиске орто эсеп менен 38000ден ашык жаш жаран туура келет. Жаштар саясатынын мына ушундай кадрдык абалын океандын жээгинде кум менен ойноп жаткан жаш баладай эле кабыл алсак болот. Ал эми ошол жаштар иштери боюнча кызматкерлердин тажрыйбасы, дарамети, иш алып баруу жөндөмдүүлүгү, билими кандай? Бул өзүнчө маселе. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын 50дөн ашык жогорку окуу жайларынын биринде да жаштар иштери боюнча атайын адистерди даярдоо бөлүмү жок!

Ал эми жаш муун өз алдынча жашоосун улантып келет. Өткөөл мезгилди коштогон социалдык-маданий кризис калыптанган салттуу баалуулуктардын ыркын кетирип, базар экономикасы өзүмчүлдүктү алдыга койду жана өзүнүн баалуулуктарын жаштардын аң-сезимине сиңдирүүдө. Учурдагы коомдо түзүлгөн жагдай бүгүнкү улан-кыздардын арасындагы жат көрүнүштөрдүн отоо чөптөй жайылып баратышы менен коштолууда. Адеп-ахлактык, руханий деградациялануу, ичкилик, баңгилик, алардын кесепетинен кылмыштуулуктун, адепсиз жүрүм-турумдун өсүшү байкалууда. Маселен, Мамстаткомдун маалыматы боюнча, акыркы он жылдыкта эле жаштар арасында баңги заттарын колдонуу алты эсеге өсүп, наркологиялык каттоого алынган 15тен 35 жашка чейинки улан-кыздардын саны 10 миңге жеткен (көмүскөдө калганы канча?!). Ички иштер иштер министрлиги кылмыш кылгандардын 52%ын 30 жашка чейинки жаштар, 7%ын өспүрүмдөр түзөөрүн белгилесе, Бишкек «СПИД» борборунун маалыматына ылайык 2008-жылы ВИЧ-инфекциясына чалдыккан 550 адам расмий катталса, 2009-жылы алардын саны 1481ге чейин жетти (ал эми расмий катталбаганы канча?!) [1].

Жаштардын жүрөгүн өйүткөн көйгөй катары жыл санап өсүп жаткан жумушсуздук маселеси болуп калууда. Миграция жана жумуш орду менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик комитетинин маалыматы боюнча 2008-жылы жаштар арасындагы жумушсуздук 57%га өсүп кеткен. Алардын ичинен 98%ын 30 жашка чейинки жаш улан-кыздар түзүп, ал эми алардын бир бөлүгү жогорку жана атайын орто билимдүүлөр. Бул жагдай объективдүү түрдө ички жана өзгөчө тышкы миграциянын күчөшүнө алып келди. Учурда ар кандай расмий эмес маалыматтык булактарга ылайык, 700 миңден ашык 20-35 жаштагы жаш жарандар эмгек мигранты болуп өлкөдөн чыгып кетишкен. Болжол менен алардын 25%ын жогорку жана атайын орто билимдүүлөр, 75%ын орто билимдүүлөр түзөт. Ушул эмгек мигранттары жыл сайын биздин республикабыздын бир жылдык мамлекеттик бюджетине чамалаш суммадагы акча каражаттарын которуп тураары белгиленип, ушундай жол менен алар кыргыз экономикасына позитивдүү салымын кошуп жатат деп расмий трибуналардан айтып келебиз. А бирок, бул жагдайдын оркойгон тескей жагы тууралуу эмнегедир үн катпайбыз. Алардын канчасы бөөдө өлүмгө дуушар болууда! Биз бүтүндөй бир муунду жоготуп алдык көрүнөт. Экономикалык жигердүү, эмгекке жарамдуу жаш муундун дээрлик бир катмары чет мамлекетте жүрүшү өз учурунда өлкөдөгү демографиялык абалга, тукумдун сапатына, мамлекеттин улуттук коопсуздугуна терс таасирин тийгизбей койбойт [1].

Мына жогоруда келтирилген фактылар заманбап жаш муундун турмуш чындыгынын айсбергдин чокусундай болгон гана бөлүгү. Ал эми жаш муун өз кезегинде калктын калың катмарын түзүп, аларда коомду өнүктүрүүчү зор стратегиялык ресурс катылып жатат. Бүгүнкү күндүн талабы, мына жаштардын ушул жигердүү күчүн коомдук пайдалуу нукка бура турган, терең ойлонуштурулган мамлекеттик жаштар саясатынын иштелип чыгышында. Демек, азыркы шарттарда улан-кыздарды мамлекеттик жаштар саясатынын

объектиси эмес, субъектисине, башкача айтканда жигердүү катышуучусуна айлантуу, алардын идеялык туруктуу көз карашын калыптандыруу, элдик рухий дөөлөт, маданий мурасты аң сезимине негизги баалуулуктар катары сиңирүү эң манилүү жана стратегиялык мүнөздөгү тапшырма.

Ал эми бул багытта натыйжалуу аракеттерди ишке ашыруу үчүн, биздин пикирибизде кыргыз жаш улан-кыздарын тарбиялоонун жаңы ыкмасын жана программасын элдин мүдөө-талаптарынын негизинде кайрадан иштеп чыгып, жаш муунду улуттук менталитеттин алкагында тарбиялоодо биринчи кезекте үй-бүлө институтунун, бала-бакча, баштапкы мектептердин ордун жана милдеттерин (функцияларын) тактап, кыргыздын кылымдар бою калыптанган, тарыхый сыноосунан өткөн, бирок, акыркы жылдары унутта калып же такыр эле жок болуп бараткан улуттук сапаттардын жана адептик, рухий баалуулуктардын негизинде мекенчил жаш улан-кыздарды калыптандыруу керек. Баардык орто мектептердин (мамлекеттик, муниципалдык, менчик) башталгыч класстарында кыргыздын эң бай рухий байлыктарында (жомоктордо, эпостордо, макал-лакаптарда, элдик ырларда ж.б.) жана келечектүү салттарында камтылган рухий баалуулуктардын негизинде улуттук көз-караш, дүйнө тааным, ой-толгоону жандандыруу абзел.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Данные Департамента по делам молодежи при Министерстве труда, занятости иммиграции Кыргызской Республики на конец 2009 года.
2. Павловский В.В. Социальное развитие молодежи. М., 2001.
3. Кыргызстан. Год перемен. Материалы и документы. – Бишкек, 2006. – С. 450.

**Рецензент: философ.и.к., снс Асанов Ж.К.**